КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
ЖАЛАЛ-АБАД ОБЛАСТЫ

СУЗАК РАЙОНУ
ЫРЫС АЙЫЛ АЙМАГЫ
ЫРЫС АЙЫЛ КЕҢЕШИ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
ЖАЛАЛ-АБАДСКАЯ ОБЛАСТЬ

СУЗАКСКИЙ РАЙОН
ЫРЫССКИЙ АЙЫЛНЫЙ АЙМАК
ЫРЫССКИЙ АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ

---

*ТОКТОМ*
*ПОСТАНОВЛЕНИЕ*

*«19» октябрь 2023-жыл №20/1* *Жар-Кыштак айылы*

**ЫРЫС АЙЫЛ КЕҢЕШИНИН VII ЧАКЫРЫЛЫШЫНЫН КЕЗЕКСИЗ XX СЕССИЯСЫНЫН**
**Т О К Т О М У**

**Ырыс айыл аймагы жөнүндө**

Кыргыз Республикасынын “Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө” Мыйзамын жетекчилике алып, Ырыс айыл кеңешинин регламентине ылайык, күн тартибиндеги маселени депутаттар талкуулап, Ырыс айыл кеңеши

**Т О К Т О М К Ы Л А Т:**

1. Ырыс айыл аймагынында төмөнкүдөй тартипте административдик-аймактык реформаны жүргүзүүгө макулдук берилсин:
- Ырыс айыл аймагынын Ырыс айылынын Бишкек-Ош автожолунун түндүк тарабы, Дөмөр, Масадан жана Ладан-Кара айылдарынын калктуу конуштары, элдин үлүш жерлери, мамлекеттик фондунун жерлери жана башка жерлери менен биргеликте айылдардын учурдагы административдик чек араларын өзгөртүүсүз Жалал-Абад шаарына бириктирүүгө;
- Чымчык-Жар айылы айылдарынын калктуу конуштары, элдин үлүш жерлери, мамлекеттик фондунун жерлери, жайыт жана башка жерлери менен биргеликте айылдардын учурдагы административдик чек арасын өзгөртүүсүз Кыз-Көл айыл аймагына бириктирүүгө;
- Сасык-Булак айылынын калктуу конуштары учурдагы административдик чек арасын өзгөртүүсүз Сузак айыл аймагына бириктирүүгө;
- Сасык-Булак айылынын Сасык-Булак жана Ак-Чабыр участкасындагы элдин үлүш жерлери, мамлекеттик фондунун жерлери, жайыт жана башка жерлери менен биргеликте участкалардын учурдагы административдик чек арасын өзгөртүүсүз Барпы айыл аймагына бириктирүүгө;
- Ырыс айыл аймагын (Ырыс айылынын Бишкек-Ош автожолунун түштүк тарабы, Тотуя, Арал-Сай, Жар-Кыштак, Күмүш-Азиз, Кургак-Көл, Кыр-Жол жана Кайнар айылдарынын калктуу конуштары, элдин үлүш жерлери, мамлекеттик фондунун жерлери жана башка жерлери менен биргеликте айылдардын учурдагы административдик чек араларын өзгөртүүсүз) Барпы айыл аймагына бириктирүүгө.

2. Ырыс айыл аймагы (Ырыс айылынын Ош-Бишкек жолунун түштүк тарабы, Тотуя, Арал-Сай, Жар-Кыштак, Күмүш-Азиз, Кургак-Көл, Кыр-Жол, Кайнар айылдары) Барпы айыл аймагына бириккен учурда, азыркы Ырыс айыл өкмөтүнүн кеңсе имараты жайгашкан Жар-Кыштак айылын бириккен айыл аймактардын административдик борбору деп аныктоо менен жактырылсын.

3. Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы жер меселелери боюнча туруктуу комиссиясынын төрагасы М.Мирзаевке милдеттендирилсин.

4. Бул токтом расмий жарыяланган күндөн тартып күчүнө кирет.

**Төрага** **Ш.Кадиркулов.**